DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Кадыров А.А., Таиров К.А.*

## БАТКЕН АЙМАГЫНДАГЫ ЧЕК АРА КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН ТААСИРЛЕРИ

*Кадыров А.А., Таиров К.А.*

## ПРИГРАНИЧНЫЕ ПРОБЛЕМЫ В БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ И ИХ ВЛИЯНИЕ

*A. Kadyrov, K. Tairov*

## BORDER PROBLEMS IN BATKEN REGION AND THEIR IMPACT

*УДК: 93/94*

*Кыргызстандын түштүк аймагында өткөн кылымдын 30-жылдарынан бери карай чек ара маселесинин такталбагандыгы болсо, эгемендүүлүк мезгилинен бери да мамлекет жетекчилеринин бул маселеге кийлигишпегендиги чоң көйгөйлөрдү жаратып келет. Бул маселе улам артка жылган сайын, кошуналар чек ара сызыктарын улам бизге карай жылдырып, бош жаткан жерлерди улам өздөштүрүп, жүздөгөн гектар жерлердин түбөлүктүү ээлери болуп калып жатышат. Ал эми кыргыз тарап үчүн бул орду толгус оор жоготуу болуп саналат. Фергана өрөөнүндөгү мамлекеттер аралык деңгээлдеги актуалдуу темага айланган чек ара маселенин негизги себеби эмне жана бул окуялардын мындан ары өнүгүүсү кандай болот. Макалада чек ара көйгөйүнө архивдик тарыхый маалыматтардын негизинде илимий анализ берилди. Анткени Баткен аймагындагы чек ара көйгөйү олуттуу маселенин чордонунда болуп келген жана азыркы учурда да чуулгандуу, бул көйгөйлөр бир топ татаал маселенин «негизги түйүнү» бойдон калууда. Чек ара жана жер, суу ресурстарына байланышкан улуттар аралык бир канча чыр-чатактар чыгып, алардын көпчүлүгү куралдуу кагылышууларга чейин жетип, акыркы учурларда кан төгүлүүлөргө чейин барууда жана алар согуштук мүнөзү байкалууда. Андыктан макалада чек ара көйгөйлөрүн толук чагылдырууга басым жасалды.*

***Негизги сөздөр:*** *чек ара, жер суу ресурстары, өрөөн, чыр-чатак, мамлекеттер аралык көйгөйлөр.*

*В южной части Кыргызстана приграничный вопрос оставался неясным с 1930-х годов, и отсутствие вмешательства со стороны руководства стран после обретения независимости было серьезной проблемой. По мере того как этот вопрос движется вспять, соседи сдвигают границы навстречу внутрь страны, осваивают пустующие земли и становятся постоянными собственниками сотен гектаров земли. А для киргизской стороны это невосполнимая потеря. В чем основная причина возникновения пограничного вопроса в Ферганской долине, ставшего актуальным на межгосударственном уровне, и каковы будут дальнейшие развития этих событий. В статье дается научный анализ пограничной проблемы на основе архивных исторических данных. Поскольку пограничный вопрос в Баткенской области всегда был в центре серьезной проблемы и до сих пор вызывает споры, эти проблемы остаются «ядром» гораздо более сложной проблемы. Произошел ряд конфликтов из-за границ, земли и водных ресурсов, многие из которых переросли в вооруженные кон-фликты, а в последние годы - в кровопролитие. Поэтому в статье особое внимание направлена на полное освещение приграничных вопросов.*

***Ключевые слова:*** *границы, земли, водные ресурсы, долина, конфликты, межгосударственные проблемы.*

*In the southern part of Kyrgyzstan, the border issue remained unclear since the 1930s, and the lack of interference from the leadership of the country after gaining independence was a serious problem. By the same token, this question will move forward, the neighbors will move the borders to meet the countries, assimilate the empty lands and become permanent owners of hundreds of hectares of land. And for the Kyrgyz side, this is an irreparable loss. What is the main reason for the border issue in the Fergana Valley, which has become a topical issue at the interstate level, and what will be the further development of these events. The article provides a scientific analysis of the border problem on the basis of archival historical data. Because the border issue in the Batken region has always been at the center of a serious problem and is still controversial, these problems remain the «core» of a much more complex issue. There have been a number of inter-ethnic conflicts over borders and land and water resources, many of which have escalated into armed conflict and, in recent years, into bloodshed, which is of a military nature. Therefore, the article emphasizes the full coverage of border issues.*

***Key words:*** *borders, lands, water resources, valley, conflicts, interstate problems.*

Акыркы мезгилдерде Фергана өрөөнүндө чек ара жана жер, суу ресурстарына байланышкан улуттар аралык бир канча чыр-чатактар чыгып, алардын көпчүлүгү куралдуу кагылышууларга чейин жетип, акыркы учурларда кан төгүлүүлөргө чейин барууда. Кеңеш доорунан бери карай Баткен аймагы да бул олуттуу маселенин чордонунда болуп келген жана азыркы учурда да мындай чуулгандуу, бир топ татаал маселенин «негизги түйүнү» бойдон калууда.

Кеңеш бийлиги орногондон кийин 1924-жылы 14-октябрда РСФСРдин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети Орто Азия элдерин улуттук мамлекеттерге бөлүү жөнүндө токтом кабыл алган. Анын негизинде Кара-Кыргыз автономиялуу областы РСФСРдин курамында, ал эми Тажик автономиялуу областы Өзбек ССРинин курамында түзүлгөн. Ошондуктан, 1924-27-жылдары РСФСР менен Өзбек ССРинин жетекчилери өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын негизинде кыргыз жана тажик элдеринин келечек тагдырын калчай башташкан. Биринчи кезекте калк жыш жайгашкан Фергана өрөөнүндөгү элдерди улуттук жиктештирүү жараяны жүргүзүлүп, алардын чек аралары тактала баштаган. Бирок көп этностуу, бири-бири менен аралаш отурукташкан элдерди улуттук жактан жиктештирүүдө бир топ катачылыктарга жол берилген.

Жаңы түзүлгөн Кыргыз Автономиялуу областынын жетекчилиги ББАКтын Президиуму тарабынан

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1925-жылы 4-майда бекитилген Кыргызстан менен Өзбекстандын чек араларына макул эместигин, ал кыргыз элинин кызыкчылыгына туура келбестигин, СССР Конституциянын 2-статьясына ылайык РСФСР менен Өзбекстандын чек араларынын айрым жерлерин кайрадан өзгөртүү жөнүндө билдирүү жөнөткөн.

Анда: Самарканд областынын Ходжент уездинин курамындагы Бөксө-Сибир, Исфана, Чапкылдык волосторун толугу менен, Исфара жана Сох волостору сөзсүз түрдө Кыргызстанга өткөрүү керек, – деп сунуш беришкен. Бул сунушту СССР БАК Президиуму 1926-жылдын 10-сентябрында карап, Бөксө-Исфана жана Чапкылдык волосторун Кыргыз Автономиялуу областына өткөрүп берип, анын негизинде Исфана волостун түзгөн. Ал эми Исфара, Сох волостору жөнүндөгү маселе каралбаган [1].

Ал эми Исфара, Сох волостору боюнча кыргыз жетекчилигинин аракеттери натыйжасыз аяктаган. Исфара, Сох волосторун Өзбекстанга калтыруу – Кыргызстан үчүн улуттук аймактык-жиктешүү мезгилиндеги чоң жоготуу болгон, экинчиден, бул волостордун аймагындагы суулуу, түшүмдүү жерлерден, калктуу, экономикалык жактан ыңгайлуу борборлордон, көмүр, нефть кен байлыктарынан куру калган, үчүнчүдөн, жер, суу ресурстары, чек ара, жол маселелери боюнча түбөлүк чечилбес көйгөй жаралган.

Өзбекстандын жетекчилиги Кыргызстан менен чек ара маселелерин тактоодо 1925-жылдагы картаны бетке тутуп келүүдө. КР Борбордук мамлекеттик архивинен алынган 1925-ж. Баткендин картасында Өзбекстандын Варухка чейинки бир, Сохко чейинки экинчи тилкеси орун алган. Мында Өзбекстан Исфара жана Сох дарыяларынын жээктериндеги суулуу, түшүмдүү жерлерди өздөрүнө калтырышкан, экинчиден, бул аймактарда калк жыш жайгашкан, үчүнчүдөн, Варух тилкесиндеги Шурап көмүр, САНТО нефть кендерине ээ болгон, төртүнчүдөн, эки дарыяга тең кожоюндук кылышкан, бешинчиден, эки тилке аркылуу да малдарды жайлоого жеткирүүгө ыңгайлуу деп эсептешкен. Бирок 1925-жылы кыргыз эли РСФСРдин курамындагы автономиялуу область гана болгондуктан, бул карта юридикалык күчкө ээ болгон эмес, экинчиден, биз жогоруда белгилегендей 1926-27-жылдары да аймактык жактан бир канча өзгөрүүлөр болгон, үчүнчүдөн, 1936-жылы Кыргыз ССРи өз алдынча союздук республика болуп түзүлгөндөн кийин анын мамлекеттик символдору менен кошо аймагы да конституциялык негизде биротоло бекитилген.

Ушундай эле талаш маселе Шахимардан жөнүндө да болгон. Бул жөнүндө алиге чейин кыргыз жетекчилиги, тагыраак айтканда А.Орозбеков Шахимарданды өзбек досторуна белекке берип жиберген деген сөздөр айтылып келүүдө. Бирок мунун тескирисинче КАССРинин Борбордук аткаруу комитети А.Орозбековдун жетекчилигинде 1927-жылы 15-мартында Шахимардан жөнүндө токтом кабыл алган.

Жогоруда белгиленгендей Кыргызстан Исфара жана Сох волосторун өзүнө кошуп алуу боюнча бир канча аракеттерди жасаган. Натыйжада 1927-жылдын 3-майында Кыргызстан Исфара жана Сох маселеси боюнча өз талабын канааттандырууга жетишкен, б.а. Исфара жана Сох волостору Кыргызстандын курамына өткөрүлгөн. Бирок ага нараазы болгон Өзбекстан Кыргызстанга берилген жерлер жөнүндөгү союздук органдардын чечимин кийинки күнү эле жокко чыгарууга жетишкен. Жыйынтыгында Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы оор, аягы жок талаш-тартыштарды үч жылга чейин токтотуу жөнүндө СССР ББАК 1927-жылдын 4-майында чечим чыгарган [2]. Мына ушуну менен Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы бир канча улуттук-аймактык маселелер чечилбей кала берген.

Жыйынтыгында Кыргызстандын Вуадил, Кувасай, Мархамат, Заркент, Үч-Коргон, Исфара, Сох ж.б. экономикалык борбор катары саналган калктуу пункттарды өз аймагына бириктирүү боюнча аракеттери натыйжасыз аяктаган. Шахимардан, Сох, Исфара Өзбекстандын карамагында калып, бир республиканын чегинде экинчи мамлекеттин мыйзамсыз анклавтары пайда болгон. Ага кошо Баткен аймагында жер, суу ресурстары боюнча чечилбес проблемалар жаралган. Баткен району бул эки анклавдын ортосуна жайгашкандыктан, суулуу, түшүмдүү, калктуу аймактардан, кен байлыктарынан, экономикалык борборлордон куру калганы аз келгенсип, жол, суу маселелери боюнча бир канча тоскоолдуктарга учураган, саясий, экономикалык, социалдык, чарбалык жактан бир топ жабыркаган.

1924-1927-жылдардагы Ферганада өрөөнүндөгү улуттук-аймактык жиктештирүүнүн туура эмес жүргүзүлүшүнүн натыйжасында 50 өзбек, 14 сарт, 2 түрк жана бир канча кашкар айылдары кыргыз тарапта калып, 100 кыргыз, 28 кыпчак, 17 түрк, 10 догон кара калпак, курама ж.б. айылдар Кара-Кыргыз автономиялуу областынын аймактык объектисинин негизги бөлүгү – өзбек секторунда калган [3:79]. Муну менен бир канча кыргыздар жана ага тектеш этностогу элдер өз улуттук мамлекетине биригүүгө мүмкүнчүлүк ала алышпай, андан биротоло айрылып, башка улуттагы өлкөнүн курамында калышкан болсо, бир канча өзбектер жана ага тектеш этностогу элдер да ошондой эле тагдырга туш болушкан.

Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек ара маселелери үч жылдан кийин деле бир калыпка түшпөстөн, кайра жаңы көйгөйлөрдү жаратып, улам жаңы чыр-чатактардын башаты бойдон кала

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



берген. Чек ара маселелеринин такталбагандыгы, ага байланышкан чыр-чатактар район уюшулган мезгилден тарта бүгүнкү күнгө чейин, анын саясий беделине, социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө, чарбалык, экономикалык жана башка ар кандай массалык, уюштуруучулук иштерине да терс таасир этип турган.

Жер боюнча талаш маселелер калктуу конуштардан да келип чыккан. Баткен райондук аткаруу комитетинин президиуму 1936-жылдын 29-декабрындагы отурумунда Суу-Башы айылдык кеңешинин Кара-Кыя жериндеги чек арадагы талаш жер маселесин караган. Кара-Кыяда мурдатан кыргыздар пайдаланып келе жаткан жерди Өзбекстандын Куйбышев районунун өкүлдөрү 1901-жылдагы картаны бетке тутушуп, Баткен районун өкүлдөрүсүз эле өз алдынча ээлеп алышкан. Мына ушуга байланыштуу Кара-Кыядагы жашоочулар 1937-жылдын мамлекеттик пландарына карата милдеттенмелерди кабыл алуудан, жерлерди айдап-себүүдөн, мал чарбачылыгын өнүктүрүүдөн, кеңештерди кайра шайлоого жана эл каттоого катышуудан баш тартышкан. Натыйжада бир канча гектар жерлер менен кошо Кыргыз мамлекети бир канча жаранынан да биротоло кол үзгөн.

Мына ушундай аракеттердин натыйжасында бүгүнкү күнгө чейин Ак-Татыр айыл аймагынын Мачайи, Үч-Дөбө, Орто-Боз, Ак-Сай айыл аймагынын Көк-Таш кыштактарына жакын бир топ суулуу, түшүмдүү жерлер кошуналар тарабынан өздөштүрүлүп, алар ал жерлерди биротоло ээлеп алышкан. Мындагы Мачайи, Таш-Тумшук, Мазайиттин жери, Көк-Терек айылдары анклав болуп, тажиктердин курчоосунда калган. Натыйжада райондун ички айылдарын жана Лейлек менен Баткенди туташтыра турган жол жок болуп калгандыктан, мурдатан кыргыздардын жери болуп келген 275 метр жерди жол үчүн Кыргызстан Тажикстандан мамлекеттер аралык эки тараптуу келишимдин негизинде 49 жылга убактылуу пайдаланууга алган.

Чек ара сызыктары такталбагандыктан Кара-Токой – Шаркабад, Согмент – Учьяр, Чарбак айылдарында улуттар аралык жанжалдар жер, суу маселелери боюнча улам кайталанып, кыргыз жарандарын жана Кыргыз мамлекетин бир канча моралдык жана материалдык чыгымдарга дуушар кылган. 2012-жылдын декабрында чыккан Чарбак – Учьяр чыр-чатагы да мамлекеттик деңгээлге чейин көтөрүлгөн, «кошуналар» бир нече кыргыз жарандарын өз үйлөрүндө сабап, зордоп алып кетип, түнү бою барымтада кармагандыгына карабастан, күнөөлүүлөр жазасыз кала берди. Ал эми чек ара сызыктарын тактоо боюнча да эч кандай жылыш болгон жок.

Тажикстандын Варух анклавына байланышкан жер, суу маселелери да улам барган сайын курчуп баратат. Анткени Варух анклавындагы 130 миң кв. км. аймакта 50 миңге жакын калк жашайт, алардын 95% тажиктер. 1960-жылдардан бери бул аймакта кыргыздар менен тажиктердин ортосунда жер-суу маселелери боюнча талаш-тартыштар байма-бай кайталанып турат. Мындай жаңжалдар 1968-жылы Мачаи – Ак-Татыр, 1982-жылы Варух – Танги, 1988-89-жж. Мачаи – Ак-Татыр айылдарында болуп өткөн. 1991-жылдын жазында тажик тарап Ак-Татыр айылынын күн батыш тарабынан 10 миң гектар кыргыз жерин түбөлүк пайдаланууга берүү талабы менен чыгышкан. Бул конфликт Кыргызстан жана Тажикстан Президенттеринин бири-бирине күнөө коюусунун натыйжасында мамлекеттер аралык деңгээлге өсүп жеткен. Ага тажик жана кыргыз тараптардан өз алдыларынча куралданышкан миңдеген жарандар катышып, бири-бири менен катуу тирешкен. Конфликтти жөнгө салуу үчүн эки республиканын Президенттери, республика жетекчилери келишкен. Ал кездеги СССРдин Куралдуу күчтөрүнүн өтө чукул кырдаалда аракеттенишинин натыйжасында гана эки элдин ортосундагы куралдуу кагылышууга жетпей токтотулуп калган.

Бул эки анклавда тең калктын санынын тез көбөйүшү менен жер маселеси улам барган сайын танкыс болуп баратат. Ошондуктан кошуналар бир чарчы метр жер болсо да ээлеп калуу үчүн бардык күч-аракеттерин жумшашып, ар кандай айла-амалдарды, жада калса ар кандай күчтөрдү да колдонушууда. Эгерде чек ара сызыктары такталбаса, бул көйгөйлөр улам жыл өткөн сайын курчуп, улам жаңы каршылыктар жарала бермекчи.

Жер маселеси боюнча бир канча талаш-тартыштар жаралгандыгына карабастан, өлкөнүн эгемендүүлүгүнө шек келтире турган жана анын бүтүндүгүн сактай турган мындай орчундуу маселелер: чек ара, жер, суу ресурстары боюнча чечилбеген проблемалар, кошуна өлкөлөр менен болгон мамиле – мамлекет жетекчилигин тынчсыздандырууга жана бир бүтүм чыгарууга тийиш деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**


1. КР БМА, Ф., 2, д.5, л.167.
2. КР БМА,Ф., 21, д. 5, л. 178-185.
3. Койчиев А. Национально-территориальное размежевание Ферганской долины (1924-1927 гг.) – Б.,2001. – С.79.
4. Баткен ОМА, Ф., 119, Тизим 1, Сак.бир. 124, б.109-111.
5. Мамбетов Б.«Способен ли Кыргызстан овладеть своими территориями?» «ОР». Интернет сайт.
6. Абдикеримов А.Ш. Приграничные проблемы в Баткенской области. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 10. С. 178-180.